Я.Я.Ваккер атындагы
жалпы билим берүү орто мектеби

# *Тарбиялоо процессин уюштуруунун натыйжаларына негизделген ТИ боюнча директордун орун басарынын отчету*

***2020/2021 окуу жылы үчүн***

**Тарбиялоо процессин уюштуруунун натыйжаларына негизделген ТИ боюнча директордун орун басарынын отчету 2020/2021 окуу жылы үчүн**

**Тарбиялоо процессиндеги негизги багыттар:**
1. Инсандык руханий-адеп-ахлактык тарбия
2.Жарандык тарбия
3 Мекенчилдикке тарбиялоо
4. Жаратылышты сүйүүгө, эмгекке тарбиялоо
5. Кеп маданияттуулукка тарбиялоо
6. Эстетикалык тарбиялоо
7. Руханият, толеранттуулук тарбиясы
8. Ден соолукка мамиле, сергек жашоого умтулуу
9. Баланы,өспүрүмдү,кыз баланы,жаш адамды,жаштарды тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу

**Тарбиялык иштин максаты:**
Окуучуларды инсандык руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүнө, патриоттуулукка, эмгекке, кыргыз элинин каада-салттарын пайдаланып тарбия берүүгө жетишүү

**Тарбиялоо процессин уюштуруучулар;**
**1.** ОТИ ж-а ТИ б-ча директордун орун басарлары
**2.** Класс жетекчилердин саны: бардыгы: 44, 1-4 класстарда: 17 , 5 – 9 класстарда: 21, 10-11 класстарда: 6

**Тарбия иштери тууралуу маалыматтарды жайгаштыруу үчүн ОО веб-сайтын колдонуу:**
Мектептин тарбия иштери боюнча маалыматтары Instagram**,** WhatsApp, “Ваккера.мектеп.kg “ сайтына байма –бай жайгаштырылып, окуучулар, ата-энелер мектеп турмушунан кабардар болуп турат.

**2021/2022 окуу жылындагы класс жетекчилеринин УБнин иши:**
1. Класс жетекчилердин УБ нин окуу жылындагы темасы: «Сапаттуу билим, татыктуу тарбия!»
2. Иштин максаты: Окуучуларды инсандык руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүнө, патриоттуулукка, эмгекке, кыргыз элинин каада-салттарын пайдаланып тарбия берүүгө жетишүү
3. Маселелер:

- Класстык команданы түзүү жана өнүктүрүү

- инсандык сапатын өркүндөтүү, ар бир окуучунун өзүн-өзү тастыктоо, уникалдуулугун сактоо жана анын потенциалдык жөндөмдөрүн ачуу үчүн жагымдуу психологиялык-педагогикалык шарттарды түзүү
- сергек жашоо образын калыптандыруу
- класстык жамааттын тарбия ишинин ар кандай формалары аркылуу мамилелер тутумун уюштуруу

- окуучулардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо
- класста окуучулар менен биргелешип иштөөнү уюштуруу
- окуучулардын ортосундагы, окуучулар менен мугалимдердин ортосундагы мамилелерди гумандаштыруу
- окуучулардын адеп-ахлактык , руханий түшүнүктөрүн калыптандыруу
- окуучулардын социалдык маанидеги чыгармачыл иш-аракеттерин уюштуруу

4. Иштин негизги багыттары:

*1-багыт. "Адеп-ахлактык тарбиялоо"*

Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде пандемияга байланыштуу жаны окуу жылынын башталышында 1-класстар гана салттуу режимде билим алышууда. Эртен мененки саат 7.40-8.00 го чейин дене табы текшерилип, колдорун дезинфекциялоо иши жургузулду. Окуучулар 2 сменге болуштурулуп, ар бир класста 15-16 дан шахмат турундо отургузулду. Биринчи окуу кунун "Менин суйуктуу Кыргызстаным" аталышындагы класстык саат отулуп, мектеп ичинде экскурсия жургузулду.

Мектепке жалпы 1240 окуучу кабыл алынып, анын ичинен 0 класска -50, 1-класска- 126 жаш бөбөктөр кабыл алынды.

1-класстык саат: 1-4-класстарда «Менин суйуктуу Кыргызстаным », 5-11-класстарда "Бактылуу уй-булоо - бактылуу коом" темасында класстык сааттар өтүлдү. Окуучуларга окуу китептери таратылып берилип, сабактардын жүгүртмөсү менен окуучулар тааныштырылды. Сентябрь айында парламенттин түзүмү такталып, 10 окуучудан турган парламент шайланды. Президент окуучулардын жашыруун тандоосу менен 11-классынын окуучусу Токтоболотов Амантай шайланды. Мектеп президенти Токтоболотов Амантай парламент кабинетинин жана иш-кагаздарынын топтому менен сапаттуу иштейт.

Парламент кабинети кайрадан жаныланып жабдылды, парламент мүчөлөрүнүн эмблема менен бейджиктери жаңыланды.

Ар бир өтүлгөн парламент заседаниясынын токтомдорунун негизинде маданий –массалык,спорттук иш-чаралар өтүлдү. Сентябрь ичи мамлекеттик тил күнүн, октябрда карылар күнү, мугалимдер күнүн өткөрүүдө уюштуруу

иштерине катышышты. Парламент өздөрүнүн иштерин улантып, ден соолук

министри тарабынан сасык тумоону алдын алуу, геппатит А, кызамыктын алдын

алуу эрежелери боюнча дубал газеталар илинди, класстарга түшүндүрүү иштери

жүргүзүлдү.

Кыздар менен иш алып баруу дагы жакшы жолго коюлган. Жыл башында кыздар арасында атайын тарбиялык Кыздар кеңеши түзүлүп, иш пландары бекитилип, жетекчилигине англис тили мугалими Фармонова М.И. дайындалды.

Ар бир ай сайын кыздар чогулушу болуп, "Кыздуу үйдө кыл жатпайт"

темасында кыздар чогулушун өткөрүп турушту.

Ар жуманын дүйшөмбү күнүндө үчүнчү сааттан кийин линейка болуп, рейддердин отчёту жана дежур болгон класстын отчёту каралып, төртүнчү сабакта класстык сааттар өтүлүп турду. Окуучулардын формалары, күндөлүктөрү , окуу куралдарынын абалдарына көзөмөл жүргүзүлүп турду.

Комуз кыргыз элинин салттуу маданиятында өзгөчө орунду ээлейт. Комуздун күүлөрү өзүнө философиялык ойлорду, жашоо-турмушту жана маданияттын өзгөчөлүгүн камтып, муундан-муунга өтүп, биздин күндөргө чейин жетти. Азыркы шарттарда комуздун жаңы маанисин ачуу керек, ал кыргызстандыктардын көп түрдүү маданиятындагы биримдиктин символу болууга тийиш. Кыргызстандын этностук коомчулуктарынын маданияттар аралык диалогун кеңейтүү үчүн салттуу музыканын ролун күчөтүү зарылдыгы максатында президентибиз С.Жээнбеков 9-сентябрды Комуз күнү деп жарыялады.

Президенттин жарлыгынын алкагында мектепте Комуз күнү белгиленди.

09.09. –Учурдагы абалга байланыштуу "Комуз күүсү- ар бир кыргызга дем, кайрат,күч берет" деген ураан алдында аралыктан сабактар өтүлдү.

09.09. – 8-11-класстардын окуучулар арасында "Комуз-улуттук сыймык" аталышында онлайн-флешмоб өткөрүлдү.

09.09. - Залкар комузчулардын сүрөттөрүнөн жана комуз тууралуу кызыктуу маалыматтар чагылдырылган мектепте көргөзмө-бурч уюштурулуп, сүрөттөрү окуучулардын группаларына жөнөтүлдү.
Жыл башында мектепте «Тимурчулар» командасы,алар үчүн атай ын иш пландары түзүлүп,жыл ичинде ошол түзүлгөн план б оюнча иш алып барылды.

Тимурчулардын негизги максаты : кары-картаңдарга, жетим-жесирлерге, оорулуу жана жалгыз бой

адамдарга жардам берүү. «Кайрымдуулуктун бир белгиси карыларга жардам берүү»деген темада Тимурчулар командасы атайын мектепте тегерек стол өткөрүштү.

21-26-сентябрга чейин «Кыргыз тили - Мамлекеттик тил» деген темадагы жумалык өткөрүлдү. Мында класс жетекчилер «Эне тилим- эне сүтүм» деген темадагы онлайн класстык сааттарды өткөрүшүп, ар бир класста дубал газеталарды онлайн форматта чыгарышты.

Тил жумалыгын өткөрүүдө мугалимдер чыгармачылык менен даярдан ышып, оозеки адабиятын колдонуп, «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү, акындардын ыр саптарынан жатка айттырышып,эң жакшы катышкан окуучулар мактоо баракчаларына ээ болушту.

Кыргыз тил мугалимдери «Кыргыз тилин баалоо- ар бирибиздин атуулдук милдетибиз» деген темада 8-11-класстарда онлайн жазуу иштерин өткөрүштү.

1октябрда «Карылар күнү» белгиленди. «Карысы бардын ырысы бар»деген темада класстык сааттар ар б ир класстарда онлайн өтүлдү.

Ноябрда «Мугалим мөмөлүү дарак» деген темада класстык сааттар өткөрүлдү.Бул ачык сааттардын ма ксаты балдарды кайрымдуу болууга үндөө менен бирге адамды к асыл сапаттарды калыптандырууда улууларды сыйлоонун, урмат тоонун ролу, бала үчүн мугалимдин таасири эң жогору тураары

белгиленди. Бул ачык сааттардан кийин окуучулар дилбаяндарды жазышты.

Мектепте К.Тыныстановдун 120 жылдыгынын 5 айлыгына план түзүлүп, бекитилди. 12.05.2021-ж. “К.Тыныстанов алгачкы агартуучу”, К. Тыныстановго 120 жыл”, “К.Тыныстанов алгачкы профессор” темаларында 1-11-класска чейин класстык сааттар өткөрүлдү.

11-14.05.2021-ж. “К.Тыныстанов окумуштуу жана мамлекеттик ишмер” аталышында 5-11-класстар арасында викторина өткөрүлдү. Бул ишке жооптуулар: Кадыров А.,Кадыров Б.К., Бекчороева Г.Д.

*2-багыт. “Жарандык тарбиялоо”*

Октябрда «Мен жана менин укугум» деген темада окуучулар арас ында диспут өткөрүлдү. Мында окуучулар эмнеге укутуу экендигин баса белгилешип, талаш- тартыш менен диспут балдардын кызыгууларын арттырды.

Жыл ичинде ЖЖӨИнин инспекциясы менен бирдите кылмыштуулуктун алдын алуу иштери жүргүзүлөт. Атайын иш пландары бекитилген.

Балдарды жол кырсыгынан сактоо максатында жолдо жүрүү эрежелери н түшүндүрүү иштери ар бир класста дайыма жүргүзүлүп турат.

Класс жетекчилер тарабынан ар бир окуучунун күндөлүгүндө үйдөн ме ктепке чейинки маршруттары белгиленип, 3-тараптуу келишим түзүлгөн.

«Тобокел топтогу» ар бир бала менен иш алып баруу дагы туура жолго коюлган.

Кыздар жана балдар кеңештери жыл ичинде үзгүлтүксүз, кыздар жана балдар арасында тарбиялык маанидеги иштерди алып бар ып турушат.

Мектеп ичинде учётто турган окуучулар менен атайын иш алып барылат. Мектеп дирекциясы тарабынан уюштурулган түнкү рейддер ай сайын эки жолу мугалимдер жана ЖЖӨИ инспекторлору тарабынан өткөрүлүп турду.

Октябрь айында мектепте профилактикалык чогулуш болуп өттү. Мында тартип бузуулардыналдын алуу жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иш алып барылды. Мектепке бөлүнгөн ЖЖӨИ инспектору АгаеваГ.Р. менен бирдикте кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча доклад окулуп, ата-энелер менен бирдикте талкууга алынган жолугушуулар өтүлүп турду. Рэкетчиликтин алдын алуу боюнча иштер үзгүлтүксүз жүргүзүлүп, окуучулар кечинде көчөгө чыкпашы жана ата-энелер мектеп менен тыгыз байланышып, балдарга көзөмөлдүктү күчөтүүсү жыл ичинде каралып турду. Ар бир класс жетекчи график менен мектеп администрациясынын жетекчилиги астында түнкү рейддергечыгышып, балдарга туура жүрүүсү жөнүндө иш чаралар өтк өрүлүп турду. Түнкү рейддерге көбүнчө тентек, ар кандай адепсиз ишке жөндөмдүү, сабакты көп калтырган окуучулардын үйлөрүнө баруу жагы каралган. Рейд жүргүзүлгөн учурда атайын уюштурулган ата-эне менен байланыш дептерлерине жазылып, окуучулар менен иш алып барылат.

Ошондой эле мектеп окуучуларынын арасында налог салуу зомбулугун болтурбоо жана анын алдын алуу боюнча ар бир класс жетекчи иш пландарын түзүшүп, өзүлөрүнүн окуучуларынын арасында «Зомбулуксуз мектеп»-деген темада атайын тарбиялык ачык сааттарды өткөрүштү.

Кыздар менен иш алып баруу дагы жакшы жолго коюлган. Жыл башында кыздар арасында атайын тарбиялык Кыздар кеңеши түзүлүп, иш пландары бекитилип, жетекчилигине англис тили мугалими Фармонова М.И. дайындалды.

Мектепте жаш милиционерлер тобу түзүлгөн. Аларга 10б,в классынын окуучулары бекитилген. Класс жетекчиси Сырдыбаева А.Т., Именова З.Т.

Ата-энелер менен байланышты күчөтүү, аларды тарбия ишине тартуу, балдарга болгон жоопкерчиликти арттыруу-мектеп мугалимдери үчүн абдан жакшы жардам болуп саналат. Кылмыштуулукка каршы тарбиясы оор балдар менен иш алып баруу дагы ата-энелер тарабынан эң жакшы жолго коюлган. Ата-энелер менен байланышты күчөтүүнүн өзү эле балдарга болгон жоопкерчиликти

арттыруу болуп эсептелет, жыл ичинде аталар жана энелер кеңештери окуучу кыздардардын жана балдардын арасында үзгүлтүксүз түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турушат.

Алар тарабынан уюштурулган тегерек столдор, кызыктуу кечелер, викториналар көптөгөн жетишкендиктерди алып келет. Балдар арасында кезигүүчү укук бузуулардын алдын алуу максатында ата-энелер комитети мектеп менен дайыма тыгыз байланышта иш алып барышат.

Улуу Жеңиштин 76 жылдык мааракесине карата Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде иш-чаралар өткөрүлдү.

- “Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 76 жылдыгына арналган” иш чаралардын планы иштелип чыкты.
- Мектепте “Эч ким эч качан унутулбайт” деген бурч уюшурулду.
- 8-11-класстар арасында “Улуу Жеңишке 76 жыл” темасында окуучулар эссе жазышып, кыргыз тили, орус тили мугалимдери текшеришип, жыйынтыгы чыгарылды.
- Окуучуларга “Өлбөс полк” эстафетасындагы окуучулардын өзүнүн чоң ата, чоң энесинин сүрөтүн көрсөтүп, эрдигин айтып берүүсү маалымдалып, окуучулар активдүү катышышты.
- “Көркөм өнөр чеберчилиги” сынагы өткөрүлдү. Окуучулар жасаган иштеринин сүрөт, видеосун WhatsApp аркылуу жөнөтүшүп, мыктылары аныкталды.
- Көркөм окуу сынагы өткөрүлдү. Сынакка бардык класстын окуучулары катышып, чыгармачылыгын көрсөтүштү.

*3-багыт. “Мекенчилдикке тарбиялоо”*

1-сентябрда 1-класстык саат: 1-4-класстарда «Менин суйуктуу Кыргызстаным », 5-11-класстарда ”Бактылуу уй-булөө - бактылуу коом” темасында класстык сааттар өтүлдү.

Атайын “Мекеним –Кыргызстан”, “Мен мекенимди баалаймын”-аттуу сүрөт коргозмолору откорулду.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2015-жылдын 31-декабрындагы“2016жыл Тарых жана Маданият жылы деп жарыялоо ж өнүндөгү” жарлыгына ылайык мектепте атайын стенд уюштурулду. Бул стенд 4 бөлүктөн турат:

1) Тарыхый инсандар
2) Тарыхый эстеликтер
3) Материалдык маданият
4) Руханий маданият

Ар бир доордун өзүнүн тарыхы жана маданияты менен окуучулар ушул уюштурулган стенд аркылуу мугалимдин кошумча түшүнүк берүүсү аркылуу маалымат ала алышты.

Улуттук атрибуттарыбыздын бири болгон Туунун күнүн белгилөө, Ак калпак күнү менен бирге өткөрүлдү.

25.02-01.03.21. - "Желбирей бер кылымдарга, Кыргызымдын желеги" деген темада жогорку класстын окуучулары дилбаян жазышты.
03.03.21. - "Мамлекеттик атрибуттарды канчалык денгээлде билесин?" деген суроонун негизинде викторина орто звенонун ортосунда өттү.

Кыргыздардын улуттук баш кийими бул - Ак калпак. Кыргыз калпагы - жашоо-тиричиликке ыңгайлуу, жайы күндөн сактаса, кышкысын суукта коргогон ыйык баш кийим. Ал эми, 2011-жылдын 5-мартынан тарта Кыргызстан боюнча Ак калпак күнү белгиленип келет. Дал ушул Ак калпак күнүнө карата мектепте «Асмандан жарык корсон жылдыз деп бил, ак калпак кийгендерди кыргыз деп бил» деген ураандын астында акция өткөрүлдү. Бул күнү окуучулардын бардыгы калпак кийип келишти.

05.03.21. - "Улут жүзү - Ак калпак" деген аталышта ар бир параллелде линейка өткөрүлдү. Жооптуу Мокеева Б.Ж. жана Дүйшөманбет кызы Н. 2-сабак менен 3-сабактын ортосундагы тыныгууда калпак кийген окуучу балдар алдын ала даярдалган флешмоб бийин бийлешип, кыргыздын ак калпагын даңазалашты. Бул күнү ар бир класста биринчи сабак ак калпак тууралуу кыскача маалымат жана ал тууралуу ырлар айтуу менен башталды.

Мектепте "Улут жүзү - Ак калпак" деген аталышта бурч уюштурулду.
06.04.21. - "7-апрель, 2010-жыл..." деген темада ар бир класста видео-слайд түрүндө класстык сааттар өткөрүлдү. Класстык сааттарда класс жетекчилер окуучуларга Апрель революциясынын чыгуу себептерин, курман болгондор тууралуу, убактылуу өкмөт тууралуу ж.б. кеңири чагылдырып, маалымат берилди. (1-11-кл.)

*4-багыт. "Жаратылышты сүйүүгө, эмгекке тарбиялоо"*

Жыл башында «Баарынан таза жана жашыл класс» деген сынак ө ткөрүлдү.
Мында эң жакшы жашылдандырылган класстарга мактоо баракчалары берилди. Алар: 3-а класс, 3-б класс, 10- а класс, 10 б класстар болушту. Жыл бою ушундай сынактарды өткөрүп туруу окуучулар үчүн зор пайдалуу.
Октябрь айында «Күз майрамы» онлайн өткөрүлдү. Мында ар бир класс күз майрамына мыкты даярданган дыктарын көрсөтүштү. Берекелүү күздүн көрүнүшүн ар кандай сүрөт төр, жасалгалар, жашылча-жемиштер менен даярдашып, онлайн жиберишти.
«Күз майрамында» балдар күзгү пейзаж жөнүндө сүрөттөрдү тарт ышты, атайын сүрөт сынагын уюштурушту.

Ар бир класста "Мен жаратылышты сүйөмүн" деген темада класст ык сааттарөтүлдү. Ар бир окуучу класстык саattардан кийин ө з ойлорун дилбаян аркылуу жазып беришти. Эң мыкты, көркөм

дүгү жагынан жакшы жазылган иштер
мугалим тарабынан бааланды.

Жыл башында мектепте «Тимурчулар» командасытүзүлдү,алар үчүн атайын иш пландары иштелип чыгып,
жыл ичинде ошол түзүлгөн план боюнча иш алып барылды.

Тимурчулардын негизги максаты : кары-картаңдарга, жетим-жесирлерге, оорулуу жана жалгыз бой адамдарга жардам берүү.
«Кайрымдуулуктун бир белгиси –карыларга жардам берүү»-
деген темада Тимурчулар командасы атайын мектепте тегерек ст ол өткөрүштү.

"Айлана-чөйрөнү тазалайбыз" тазалык акциясы өткөрүлүп турду.

"Эколог" кружогу уюштуруп, окуучулар мектептин айланасындагы бак-дарактарды иретке келтирип, көзөмөлдүк кылып турушту.
"Күз майрамы" өткөрүлдү. Эмгекке тарбиялоо боюнча иштер жүрдү.
Жазында мектептин айланасын жашылдандыруу иштери жүрдү.

Кесип тандоого туура багыт берүү иштери онлайн режимде жүргүзүлдү.

*5-багыт. "Кеп маданияттуулукка тарбиялоо"*

Мамлекеттик тилдин бир айлыгы Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде да өзгөчө өткөрүлдү.

23. 09.20.- «Мамлекеттик тилге 32 жыл» деген темада бардык класстарда класстык сааттар онлайн өтүлду. (1-11-кл.)

20.09.20.- «Арыбай кылымдарды багынта бер, Ардагым ата мурас Кыргыз тилим» онлайн-көркөм окуу жогорку классынын окуучуларынын катышуусунда өттү. Жооптуу: Кыдыкова А.К. Абдракунова К.С.

Кыргыз тилчи мугалимдери тарабынан «Арыбай кылымдарды багынта бер,Ардагым ата мурас Кыргыз тилим» слайд жасалып, окуучулардын группасына таратылды.

Ошондой эле мектепте бурч уюштурулду.

4-декабрь «Манас» эпосунун кунуно карата «Манас» эпосунун училтигин сактоо, онуктуруу жана кенири таратуу жана ошондой эле кыргыз элинин улуттук каада салтын арттыруу, келечек муундун тархый ан-сезимин калыптандыруу максатында көптөгөн иштер жүргүзүлдү.

04.12.20-ж. - «Манас» эпосун мыкты аткаруучу» аралыктан сынак өткөрүлдү.

Жыйынтыгы чыгарылып, женүүчүлөр аныкталды.

1-6.12.20-ж. - «Манас» дүйнөсү» темасында онлайн сүрөт көргөзмөсү өткөрүлдү.

1-6.12.20-ж. - «Улутубуздун сыймыгы- улуу «Манас» темасында дилбаян сынагы аралыктан өткөрүлдү.

22.02.21-ж. – "Тил-улуттун жан дүйнөсү" темасында фестиваль өткөрүлдү.

Жооптуулар: Сырдыбаева А.Т. Акматова Б.К.

Жаңы жыл майрамын өткөрүүдө төмөндөгүдөй иш чаралар жүргүзүлдү.

- Жаңы жыл майрамын өткөрүү боюнча план иштелип чыкты.
- 1-5-9-10-11-класстарда Жаңы жыл майрамына карата класстык сааттар өтүлдү.
- Аралыктан окуган класстарда онлайн класстык сааттар өткөрүлдү.
- Коопсуздук техникасын сактоо жана өрт коопсуздугу боюнча ар бир класстарда түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

*6-багыт. "Эстетикалык тарбия берүү"*

8-март аялдардын эл аралык күнүнө карата бир топ иш чаралар өткөрүлдү.

3.03.21.- Башталгыч класстарда Реймер Л.П, Кириленко Л.П., Абайханова Л.А.,Лобаева З.Э.нын жоопкерчилиги астында "Апакемдин майрамы" аталышында майрам өткөрүлдү.

4-5.03.21. - «Кана эмесе, кыздар» аталышында кыздар арасында таймаш уюштурулду. Жооптуулар: Байрамукова С.Н., Бексадаева Г.Дж. Заболотько И.В. Воробьева Г.В.,Кенешбеков У.У., Акматова Б.К. Таймаш кызыктуу болуп, жеңүүчүлөр аныкталды.

5.03.21. - Мугалимдер үчүн майрамдык куттуктоо концерти уюштурулду. Жооптуу: Султанова К.А., Дуйшөманбет к. Н.

3-9.03.21. - 8-март аялдардын эл аралык күнүнө карата дубал гезит конкурсу өткөрүлдү. Жооптуу мектептин парламенти.

23-апрель –Бүткүл дүйнөлүк китеп күнү өткөрүлдү. Бул күнү башталгыч класстарда экинчи сабак "Окуу сааты" аталып, окуучуларга мугалимдер китеп окуп беришти.

*7-багыт. "Руханият, толеранттуулук тарбиясы"*

Эл аралык толеранттуулук күнүнө карата төмөнкүдөй иш чаралар өткөрүлдү:

18.11.20 - «Биз толеранттуулукту тандайбыз» кл. саат (1-11-кл.)
25.11.20 - «Биздин укугубуз жана милдеттерибиз» класстык саат (1-11-кл.)
15-25.11.20- Агитплакаттардын онлайн-сынагы « Расизм,фашизм,экстремизмге жол жок! Биз достук жана тынчтык үчүн!" Жооптуулар: МП, сүрөт мугалимдери
27.11.20- «Канчалык көп жакшы иштерге аралашсаң, ошончолук мыйзам менен көйгөй жаралбайт » класстык саат (1-11-кл.)
05.02.20.- "Адам сатуу- 21- кылымдын кулчулугу" темасында класстык сааттар өткөрүлдү. (1-11-кл.)

10-11-класстарынын окуучуларынын ортосунда "Кыргызстандын жаштары адам сатууга каршы" деген аталышта конкурс болуп, акыркы мезгилдерде чет жакка чыгып жаткан кыргыз атуулдары кабылган ар

кандай окуяларды чагылдырышып, сценкаларды жана кыска метраждуу тасмаларын көрсөтүшүп, активдүү катышышты. Окуучулардын аткарган иштери бааланып, байгелер менен сыйланышты.

*8-багыт. “Ден соолукка мамиле, сергек жашоого умтулуу”*

Мектепте окуучулар арасында “Респиратордук вирустук катуу инфекциялардын, суук тийгендеги оорулардын жана сасык тумоонун алдын алуу” боюнча Ысык- Ата райондук билим берүү бөлүмүнүн 28.01.20-жылдагы чыгарылган №5 буйругунун негизинде төмөнкү иш чаралар өтүлдү.

Мектепте респиратордук вирустук катуу инфекциялардын, суук тийгендеги оорулардын жана сасык тумоонун алдын алуу максатында иш чаралардын планы түзүлүп, бекитилди.

Мектепте күн сайын саат 10.00дөн 13.00гө чейин окуучулардын сабакка катышуусуна мониторинг жүргүзүлүп, РООго маалымат берилип жатат. Окуучулардын сабакка катышуусу орточо эсеп 89-90% келип жатышты.

Мектептин санитардык абалы дайыма көзөмөлдө. Хлор менен нымдуу тазалоолор дайыма жүрүп жатат.

Мектеп кызматкерлери жана окуучулары үчүн өздүк гигиенасын сактоо шарттары түзүлгөн (температуралык режими, колдуу жуу, тамактануу режими).

Мектепте ар бир кабатка, көрүнүктүү жерлерге респиратордук вирустук катуу инфекциялардан сактануу жана алдын алуу боюнча маалыматтар илинди.

Биринчи кабатка респиратордук вирустук катуу инфекциялардан сактануу жана алдын алуу боюнча маалыматтар камтылган бурч уюштурулду.

20.01.21-ж. бардык класстарда “Сасык тумоонун жана грипптин алдын алуу” деген темада класстык сааттар өткөрүлдү. (1-11-кл.)

29.01.21-жылы биринчи сабакта бардык класстарда “Сасык тумоонун жана грипптин алдын алуу” деген темада жат жазуу жаздырылды. (2-11-кл.)

27,28,29-январь күндөрү үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунан дарыгерлер келип, балдардын дене табы текшерилип, окуучулардын санитардык абалы каралды.

29.02.21-ж. бардык класстарга респиратордук вирустук катуу инфекциялардын, суук тийгендеги оорулардын жана сасык тумоонун, короновирустун алдын алуу максатында видео роликтер көрсөтүлдү. (1-11-кл.)

03.03.21-ж. респиратордук вирустук катуу инфекциялардын, суук тийгендеги оорулардын жана сасык тумоонун жана короновирустун алдын алуу максатында ата-энелерге да маалыматтар берилди.

“Өздүк изоляция шартында жайкы мезгилде балдардын ден соолугун чыңдоо жана бош убактыларын пайдалуу өткөрүүсү боюнча онлайн видео-

роликтердин сынагына да окуучулар активдүү катышып, өздөрүнүн спортко болгон кызыгууларын жана пайдасын көрсөтүштү.

Жыл ичинде “Сергек жашоого тарбиялоо” боюнча атйын иш планы түзүлүп бекитилген. Мында класс жетекчилер төмөндө берилген темадагы класстык сааттарды өткөрүшөт. Алар:
“Өздүк гигиенаны сактоо”, “ВИЧ ифекциясынын алдын алуу”, “СПИД-эң коркунучтуу дарт”, “Спорт-ден соолуктун булагы”, “Алкоголдун зыяндуулугу”, “Тазалык-ден соолуктун булагы”,“Тамекиөмүргө зыян“. Бул сабактар атайын көрсөтмө куралдар менен жабдылып, аңгемелешүү, диспут, мээге чабуул, дилбаян,эссе, ж.б. түрдүү методикалар менен өтүлөт. Кээ бир сабактар видеофильмдерди көрсөтүү менен жыйынтыкталды.
Окуучулар сергек жашоонун маанисинин тереңдигин, турмушка өтө зарылдыгын, келечек үчүн максат кылууну алдыларына коюшат.. Чындыгында эле эгерде бала спорт менен машыгып турса, анын дени дагы сак, эч жери оорубаса, көңүлү дагы ачык болуп, жашоого койгон максаты да ойдогудай болот, келечекке койгон тилеги дагы орундалат. Ал эми бала спорт менен кызыкпаса, бир жери ооруп турса, ал баланын жашоого дагы кызыгы болбойт да.

*9-багыт. “Баланы,өспүрүмдү,кыз баланы,жаш адамды,жаштарды тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу”*

15.01.21-15.02.21 - “Үй бүлөлүк зордук-зомбулукту болтурбоонун алдын алуунун” бир айлыгы өткөрүлдү. Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде “Үй- бүлөлүк зомбулукка жол жок ” аталышындагы бир айлыкка карата буйрук чыгарылып, планы түзүлүп, бекитилди.

Окуучуларга класстык сааттарда аялдар жана балдар арасындагы зомбулукту болтурбоо тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү класс жетекчилерге милдеттендирилди.

20.01.21-ж. Аялдарга жана балдарга болгон зордук-зомбулуктардын алдын алуу максатында маалыматтык бурч уюштурулду. Жооптуу: соцпедагог жана мектептин китепканачысы.

02.02.21-ж. “Зомбулукка жол жок”, “Сен укуктуусуң”, “Жаңы кылымдагы баланын укугу” деген темаларда сценка, тегерек стол уюштурулду. 5-7-класстын окуучулары сценка көрсөтүштү, ал эми 8-11-класстарда болсо тегерек стол өткөрүлдү. Бул иш чараларда азыркы учурда болуп жаткан окуялар чагылдырылып, талкуу болду.

03.02.21-ж. 1-11-класска чейин “Үй-бүлөлүк зомбулук”, “Зомбулукка жол жок” темасында класстык сааттар өтүлдү. Класстык сааттарда “Зордук зомбулук деген эмне?, Үй бүлөлүк зомбулуктун түрлөрү, Агрессорду кантип билет? Балдарга болгон зомбулук? Мектептеги зомбулук? Эмне кылыш керек? Кайда кайрылуу керек? деген суроолордун айланасында аңгемелешүүлөр, талкуулар болду.

Жашоонун оор шарттарында жана ата-энеси сыртта жүрүп, туугандарында жашап, тарбияланып жаткан окуучулардын тизмеси такталып, базага киргизилди.

Окуучуларга карата катаал мамиле, зомбулук боло турган болсо кайда кайрылаары тууралуу маалымат берилди.

Мектеп ичинде күн сайын окуучулардын сабакка келүүсү боюнча мониторинг жүргүзүлүп, сабакка келбеген балдардын себептери такталып, мектеп жетекчилиги жана класс жетекчилер тарабынан ыкчам чаралар көргөзүлүп жатат.

Майдын үчүнчү жумасында "Апакем- менин күнүм" аталышында класстык сааттар 1-11-класстарда өткөрүлдү.

1-июнь- Бүткүл дүйнолүк балдар күнүнө карата онлайн класстык саат өтүлдү.

5. Иштин негизги формалары:
   - жеке (сүйлөшүү, консультация, пикир алмашуу, жеке жардам көрсөтүү, көйгөйдү чечүү жолдорун биргелешип издөө ж.б.);
   - топ (чыгармачыл топтор, өзүн-өзү башкаруу органдары ж.б.);
   - жамааттык (конкурстар, спектаклдер, концерттер, сейилдөө, митингдер, сынактар ж.б.)
6. УБ чогулуштарынын саны: 5
7. Класс жетекчилердин УБнин чогулуштарынын темалары:

   1-чогулуш, август - 2020-2021-окуу жылы үчүн класс жетекчилердин иш тутумун уюштуруу

2-чогулуш, октябрь - Класс жетекчиси менен окуучулардын жана алардын ата-энелеринин салттуу эмес кызматташуусу

3-чогулуш, декабрь - Балдарды колдоо педагогикасы: окуучулардын девианттык жүрүм-турумун алдын алуу үчүн мектептин, үй-бүлөнүн жана коомдун өз ара аракети. Окуу-профилактикалык ишти өркүндөтүү.

4-чогулуш, февраль- Патриоттук тарбия окуучуларда жарандык аң-сезимди калыптандыруу үчүн мектептин тутумдуу жана максаттуу иш-аракети катары.

5-чогулуш, май – 2020-2021-окуу жылынын УБ ишинин жыйынтыгы

8. **ТИ боюнча директордун орун басары тарабынан класс жетекчилердин ишине көзөмөл жүргүзүү:**
   - ТИ боюнча директордун орун басары класс жетекчинин иш планынын түзүлүшүнө көзөмөл жургүзүп, бекитет.
   - Ар чейрек сайын класс жетекчинин тарбиялык иштеринин натыйжалуулугун текшерүү максатында жазуу жузүндө анализ кылынып турат.

**Класстан тышкаркы иштердин түрлөрү:**

1. Мектепте 10 кружок иш алып барды.

"Волейбол" (Кармышев Дж.Дж.)

"Баскетбол"( Адамалыев Н.А.)

“Футбол” (Абдраев У.Дж.)
“Футбол” (Кадыров Б.К.)
“Жеңил атлетика”(Суранчиева А.И.)
“Таэквон-до” (Пак Н.Н.)
“Вокал” (Пащенко Л.В.)
“Хор”(Николенко Т.Я.)
“Ораторлук чеберчилик”
“Театралдык искусство”
2.спорттук секциялар
“Волейбол” (Кармышев Дж.Дж.)
“Баскетбол”( Адамалыев Н.А.)
“Футбол” (Абдраев У.Дж.)
“Футбол” (Кадыров Б.К.)
“Жеңил атлетика”(Суранчиева А.И.)
“Таэквон-до” (Пак Н.Н.)
Мектепте төмөнку кружоктөр өзүнүн ишин алып барып жатат.
**“**Волейбол” (Кармышев Дж.Дж.) – 15 окуучу
“Баскетбол”( Адамалыев Н.А.) – 11 окуучу
“Футбол” (Абдраев У.Дж.) – 10 окуучу
“Футбол” (Кадыров Б.К.) – 10 окуучу
“Жеңил атлетика”(Суранчиева А.И.) – 9 окуучу
“Таэквон-до” (Пак Н.Н.) – 15 окуучу
“Вокал” (Пащенко Л.В.) – 29 окуучу
“Хор”(Николенко Т.Я.) – 20 окуучу
“Ораторлук чеберчилик” – 31 окуучу
“Театралдык искусство” – 30 окуучу

Республикалык Таэквон-до боюнча турнирде 1-орун (Уланбек кызы Айсулуу)
-Республикалык Таэквон-до боюнча турнирде 2-орун (Таштанбекова Бермет)
-Ибрагимов Салих Футбол б-ча областтык турнирде 1-орун
- Республикалык Таэквон-до боюнча турнирде 2-орун (Уланбек кызы Айсулуу)
-Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүнө карата “Жаштар адам сатууга каршы” лозунгу менен өткөрүлгөн жеңил атлетика боюнча областтык турнирде 2-орун, 3-орун (Токтосунов Арафат)

**Ийримдерге жана секцияларга катышуу:**
- кружоктордо жана секцияларда катышкандардын жалпы саны- 180 окуучу
- окуучулардын спорттук секцияларга катышуусу: мектептик – 70 окуучу
- окуучулардын ийримдерге катышуусу- 110 окуучу

**Окуу жылында китепкананын коомдук процесстерге катышуусу:**

2020-2021-окуу жылында мектеп китепканасынын негизги максаты - окуучулардын жеке жоопкерчилик, билгичтик, өз жөндөмдүүлүктөрүн аңдап билүү үчүн таанып билүү жана жарандык компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү болду. Китеп окуу аркылуу окуучуларды социалдык баалуулук катары алардын моралдык, физикалык, руханий ден-соолугунун жеке кызыкчылыктарына жараша тарбиялоо иштнри жүрдү.
«Мерсико» уюму менен биргеликте "Окурман достор", "Окуу үчүн убакыт", "Окуу фестивалы", "Окурман үй-бүлө", "Окуу лагери" аттуу иш чаралар өткөрүлдү.
USAID уюму менен "Бирге окуйбуз" долбооруна окуучулар активдүү катышышты.

**03.04**

Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде "Акыркы конгуроо" салтанаты 25-майда онлайн форматында өткөрүлдү. Мектептин администрациясы жана мугалимдердин аракети менен видео-слайд жасалып, мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Байрамукова Патия Аубакировна экзаменге киргизүү боюнча буйрукту окуду.

Бул күнү Ысык-Ата райондук ИИБ нун кызматкерлери тартипти көзөмөл кылып, күзөттө болушту.

Мектеп администрациясы жана мугалимдерден турган көзөмөл графиги түзүлүп, иш алып барылды.

Акыркы коңгуроо салтанаты тынч өттү, эч кандай тартип бузуулар болгон жок. Мектеп администрациясы, класс жетекчилер менен биргеликте кечки саат 24.00 го чейин байланышта болушуп, көзөмөлдүк кылып турушту.

Жыл ичинде "Мектеп формасы","Кечиккендер" рейддери жүргүзүлүп турду.

Я.Я.Ваккер атындагы орто мектебинде:
21.05.21 – 9-класстын окуучуларына жалпы негизги билим жөнүндө күбөлүктөр 99 окуучуга тапшырылды. Окуучулар атайын түзүлгөн график менен, аралыкты сактоо менен күбөлүктөрүн алып кетишти. Эч кандай тартип бузуулар болгон жок.
24.05. -11-класстын 40 бүтүрүүчүсүнө аттестаттар тапшырылды. Окуучулар атайын түзүлгөн график менен, аралыкты сактоо менен аттестаттарын алып кетишти. Эч кандай тартип бузуулар болгон жок.

Бул күндөрү Ысык-Ата райондук ИИБ нун кызматкерлери тартипти көзөмөл кылып, күзөттө болушту.

Мектеп администрациясы жана мугалимдерден турган көзөмөл графиги түзүлүп, иш алып барылды.

Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы негизги билим жөнүндө күбөлүктөр жана аттестаттарын тапшыруу иш чарасы тынч өттү, эч кандай тартип бузуулар болгон жок. Мектеп администрациясы, класс жетекчилер менен биргеликте кечки саат 24.00 го чейин байланышта болушуп, көзөмөлдүк кылып турушту.

**Конкурска катышуу жөнүндө отчет**

КТРК нын астында уюшулган “Балажанга” вокал боюнча 7-а классынын окуучусу Джайсанов Элзар катышып, ийгиликке ээ болду.

Спорттук мелдештерге төмөнкү окуучулар катышышты:

-Республикалык Таэквон-до боюнча турнирде 1-орун (Уланбек кызы Айсулуу)

-Республикалык Таэквон-до боюнча турнирде 2-орун (Таштанбекова Бермет)

-Ибрагимов Салих Футбол б-ча областтык турнирде 1-орун

- Республикалык Таэквон-до боюнча турнирде 2-орун (Уланбек кызы Айсулуу)

-Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүнө карата “Жаштар адам сатууга каршы” лозунгу менен өткөрүлгөн жеңил атлетика боюнча областтык турнирде 2-орун, 3-орун (Токтосунов Арафат)

**2021-2022 окуу жылынын милдеттери:**

**1**. Билим күнүн өткөрүү.

2. «Кыргыз тили-мамлекеттик тил» темасында мектеп ичинде мелдеш уюштуруу.

3. «Манас» эпосун жандандыруу, ар кандай сынактарды өткөрүү.

4.Кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин арасында мелдеш уюштуруу.

5. Мектеп ичинде семинар өткөрүү, мугалимдердин чыгармачылыгын арттыруу.

6.Таланттуу окуучулар менен иш алып баруу.

7.Класс жетекчилердин иш пландарынын чыгармачылык менен иштөөдөгү кызыкчылыгын арттыруу.

8.Сүрөтчүлөр коомун түзүү.

9.Окуучулар арасында «Тимурчулар» командасын түзүү.

10.Томолой, социалдык, жарым-жартылай жетимдер менен иш алып баруу.

11.«СПИД» жумалыгын өткөрүү.

12.Тазалык акциясын өткөрүү.

13.Жыл ичинде айыл өкмөтү менен маданий-массалык иштерди үзгүлтүксүз жүргүзүү.

14.Окуучулар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иш чараларды өткөрүү.

15.«Тобокел» топтогу балдар менен иш алып барууну күчөтүү.

16.ИДН кызматкерлери менен жыл ичинде тынымсыз иш алып баруу.

17.Түнкү рейддерди уюштуруу.

18.Жыл башында ата-энелер менен 3 тараптуу келишим түзүү.

19.Ата-энелердин балдарга болгон жоопкерчилигин арттыруу.

20.Мектеп ичинде кыздар жана балдар кенештерин тузуу.

Директор: Тыныстанова С.А.

ТИ б-ча директордун орун басары: Орозбаева Ж.К